Шайтандардын (сыйынылган буттар) жана ата-бабаңардын аты менен ант ичпегиле

Абдурахман бин Самура (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Шайтандардын (сыйынылган буттар) жана ата-бабаңардын аты менен ант ичпегиле".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таагут-шайтандарга, тагыраак айтканда, мушриктер Аллахтын ордуна сыйынган бардык бут-буркандардын аты менен ант ичүүдөн тыйган. Бул алардын чектен чыгып, каапыр болгону үчүн. Ошондой эле ата-бабаларынын аты менен ант ичүүдөн да тыйган. Жахилият учурунда араптарда мактаныч жана ыйыктоо үчүн аталарынын аты менен ант ичүү адаты болгон.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8959